КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

24-январь 2014-ж № 1/1 Первомайское айылы

## Первомайский айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринен, аймактагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана жарандарга түз берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген " Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобонун 69-беренесинин негизинде, Первомайский айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча башкы адиси Керимкул уулу Шеримкулдун аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана жарандардын, жер берүү боюнча арыздары жөнүндө маалыматын, Первомайский айылдык кенештин XXVIII-чакырылышы кезектеги сессияда угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Первомайский айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринен ижарага тоорук менен эмес, түз сүйлөшүүлөр жолу менен пайдаланууга төмөнкү аз камсыз болгон үй-бүлөөлөр жана жарандарга берилсин:
   - Саидов Алихан Ысмайыловичге – 2га жер участкасы,
   - Орозбаков Темир Асанбековичге -2га жер участкасы,
   - Мамбетова Айгуль Нурбай кызы -2га жер участкасы.
2. Первомайский айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Сартпаев бул жарандар менен ижара акысы мыйзамдын негизинде карап, 5-жылдык мөөнөткө жер участкасын ижаралоо келишимин түзсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Первомайский айылдык кенешинин жер комиссиясынын төрагасы Насиров Эльманга жүктөлөт.

**Төрайым** **З.М. Кочкорова**